Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги

Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университети

Министерство образования и
науки Кыргызской Республики

Кыргызский национальный
университет им. Ж. Баласагына

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2023-ж. 17-майда № 254 Бишкек ш.

**Университеттин символикаларын иштеп чыгуу боюнча сынак өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык, 2026-жылга чейин өзгөчө статусу бар жогорку окуу жайларды өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу максатында жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 3-майындагы отурумунун №8 протоколунун көчүрмөсүнүн негизинде **буйрук кылам:**

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин гербинин, логотибинин жана туусунун эскизин иштеп чыгуу боюнча төмөнкү курамдагы комиссия түзүлсүн:

   -мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор **С.А. Тиллебаев – комиссиянын төрагасы.**

   **Комиссия мүчөлөрү:**

   -кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз адабияты кафедрасынын башчысынын м.а., филол.и.д., доцент **К. Абакиров;**

   -тарых жана чөлкөм таануу институтунун Кыргызстандын тарыхы кафедрасынын доценти, т.и.к., а.и.к. **А. Беделбаев;**

   -Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, физика жана электроника факультетинин физиканы окутуу технологиялары жана табият таануу кафедрасынын башчысынын м.а., пед.и.д., профессор **Э. Мамбетакунов.**

   -Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, профессор **А.М. Матисаков;**

   -пед.и.д., профессор И.Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун директорунун м.а., пед.и.к., доцент **Р.Т. Сулайманова;**

   -университеттин сүрөтчү-дизайнери **Б.Б. Чегебаев.**

2. Сынакты өткөрүүнүн Жобосун иштеп чыгуу комиссияга тапшырылсын.

3. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин гербинин, логотибинин жана туусунун эскизин иштеп чыгуу боюнча **бир айлык мөөнөт менен сынак жарыялансын.**

4. Тандалган эскиздерди университеттин жетекчилигине бекитүүгө киргизүү комиссияга тапшырылсын.

5. Буйрук менен кызыкдар тарапты маалымдоо жалпы бөлүмгө милдеттендирилсин.

**Ректор** **Т.А. Абдырахманов**

**Макулдашылды:**

Кадрлар башкармалыгынын башчысы А.А. Жайнакова

Юридика бөлүмүнүн башчысы Р. К. Токтоналиев

Жалпы бөлүмдүн башчысы Э. К. Турдуманбетова

01-1412